**Бишкек шаарынын Ленин районундагы**

**№82 жалпы орто билим берүү мектебинин**

**2021-2022 окуу жылында аткарган**

**иштери боюнча**

# жыйынтык анализи

Сканировано с CamScanner

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №82 жалпы билим берүү орто мектебинин**

**2021-2022-окуу жылында аткарган иштери боюнча жыйынтык анализи**

<table>
<tr><td colspan="4">Окуу жайынын аталышы: №82 жалпы билим берүү орто мектеби</td></tr>
<tr><td colspan="4">Анализдин багыттары</td></tr>
<tr><td rowspan="8">Билим берүү мекемесинин ресурстук базасы</td><td>Библиотека фонду</td><td>Окуу китептери - 34256 нуска<br>Окуучуларга берилгени-23895, 78%</td><td>Көркөм адабий китептер – 4089нуска<br>Методикалык китептер – 1456 нуска</td></tr>
<tr><td>Педагогикалык кадрлар:</td><td>133 мугалим</td><td>жогорку билимдүү-105<br>атайын орто билимдүү-8<br>орто билимдүү-0<br>бүтпөгөн жогорку билимдүү-3<br>бакалавр -16<br>магистр-4</td></tr>
<tr><td rowspan="3">Окуучулардын контингенти:<br>3307 - окуучу</td><td>Башталгыч класстар</td><td>1861</td></tr>
<tr><td>ортоңку (5-9 класстар)</td><td>1955</td></tr>
<tr><td>жогорку (10-11 класстар)</td><td>151</td></tr>
<tr><td rowspan="3">Класс комплектилеринин саны: ___</td><td>Башталгыч класстар</td><td>44</td></tr>
<tr><td>ортоңку (5-9 класстар)</td><td>48</td></tr>
<tr><td>жогорку (10-11 класстар)</td><td>4</td></tr>
<tr><td>Тарбиялык иштер боюнча анализ</td><td>Иштин багыты:</td><td colspan="2">Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоонун концепциясын ишке ашыруу максатында жылдык тарбиялык иш план түзүлүп, пландын негизинде тарбиялоо процесси жүргүзүлдү.<br>Максаты: коомдогу социалдык, саясий, экономикалык ж.б. өзгөрүүлөргө жеңил ыңгайлашууга шыктуу, маселе чечүүгө, ишин жакшы аткарууга жөндөмдүү, укуктук, демократиялык мамлекеттин ыймандуу, маданияттуу атуулдарын тарбиялоо.<br>Милдеттери:<br>турмуштун ар кандай шартында социалдык, саясий, экономикалык ж.б. маселелерди чече билген, жамааттар, адамдар менен кызматташып кетүүгө жөндөмдүү, ыймандуу, маданияттуу, өзүн тааныган бүтүрүүчүлөрдүн</td></tr>
</table>

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | чыгышына шарт түзүү;<br><br>ата-энелердин педагогикалык сабатын, педагогдордун, психологдордун кесипкөйлүгүн, жоопкерчилигин жогорулатуу;<br>тарбиялык иштердин натыйжалуулугун арттыруу.<br>Тарбиялык иш-аракеттер төмөнкүдөй багыттарда жүргүзүлдү:<br>1. Акыл-эс тарбиясы.<br>2 Интеллектуалдык өсүп-өнүгүүгө тарбиялоо.<br>3 Өзүн өзү таануу.<br>4 Ден-соолугуна кам көрүүгө үйрөнүү.<br>5 Терс жүрүм-турумдарга, адаттарга сынчыл кароого үйрөнүү.<br>6 Эстетикалык тарбия.<br>7 Руханий, адеп-ахлак тарбиясы<br>8.Үй-бүлөлүк тарбия.<br>9. Эл-жерди сүйүүгө, мекенчилдикке тарбиялануу.<br>10. Жарандык аң-сезимди калыптандыруу жана укуктук тарбия<br>2021-2022-окуу жылында №1 педагогоикалык кенештин буйругу менен 96 класс комплектелди жана класс жетекчилер усулдук бирикмесинин курамы мектеп директору Исраилова А. Н. тарабынан бекитилди. Мектепте класстан тышкаркы таалим-тарбия иштеринин тийиштүү деңгээлде жүргүзүлүшү үчүн иш-чаралардын жылдык иш-планы түзүлүп бекитилди.<br>- класс жетекчилерге жылдык тарбиялык иш пландары, 2021-2022-окуу жылында өтүлүүчү тарбиялык сааттардын тематикалары, тарбия иштери боюнча журналдары бекитилип берилди ;<br>– окуучуларды коопсуздук техникалык жана жолдо жүрүү эрежелери менен тааныштыруу иштери жүргүзүлдү;<br>- окуучулардын медициналык карточкаларын толукталды;<br>- класстын социалдык паспорту класс жетекчилер тарабынан түзүлдү<br>- класстардын кабинеттеринин тазалыгы, эстетикалык көркөмдүгү текшерилип, кабинетти жасалгалоо иштери критерийлер боюнча каралып турду;<br>- мектепте жана класстардагы өзүн-өзү башкаруусунун курамы түзүлдү жана алардын алып баруучу иш-чаралары пландаштырылды;<br>- мектеп ичинде тартип, тазалык, форма, жетишүү, катышуу ж.б. окуучулардын иш-чараларын көзөмөлдөп туруу үчүн класстардын жумалык нөөмөтчүлүгү бекитилди;<br>- мектептин ички жана сырткы территорияларын “Санитардык күн” жума |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | күндөрү тазалоо иштери жүргүзүлүп турду.<br>- мектептин парламент мүчөлөрү менен бирдикте көзөмөлгө коюлган класстардын сабакка катышуусу, кечигүүсү, формасы, тазалыгы китеп жана күндөлүктөрдүн абалы текшерилип, маалымат жазылды.<br>Мектептен тышкаркы мекемелер менен өз ара иш алып баруу багытында төмөндөгүдөй иштер аткарылды:<br>Окуучулардын арасындагы тартип бузуулардын алдын алуу боюнча ИИБ менен мектеп тарабынын бирдиктүү план иштелип чыкты. Тартип бузуунун алдын алуу максатында мектептин БИИ кызматкери Муктарбек Абдыкундузович менен бирдикте 5-11- класстын окуучу балдарына «Рекетчилик – бул кылмыштуулук», «Зордук зомбулук», «Адепсиздиктин акыры - кылмыш», «Опузалап талап кылуу» жана «Тамеки чегүүнүн зыяндуулугу» , «Алкоголь ичимдиктеринин зыяндуулугу жана ден соолука тийгизген терс таа сири» жөнүндө, лекциялар окулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду.<br>«Тамеки, насвай, электрондук тамекинин зыяндуулугу жана ден соолука тийгизген терс таасири» жөнүндө<br>–класстардын эркек балдарына мектеп парламенти тарабынан даярдалган видеороллик көрсөтүлдү. 2021-2022- окуу жылынын жыйынтыгы менен мектептин ички көзөмөлүнө ар кандай тартип бузуулардын негизинде 38 окуучу катталып, класс жетекчилердин ата-энелерге билдирүүсү менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.<br>Мектептин ички көзөмөлүндө 11 окуучу катталып турат. Көзөмөлдө турган окуучулар Бишкек шаарынын ИИБ тарабынан уюштурулган спорттук мелдештерге активдүү катышып байгелүү орундарга ээ болуп грамоталар менен сыйланып келишти.<br>Ички көзөмөлгө алынган окуучулардын мүнөздөмөлөрү класс жетекчилер тарабынан алынып, жума сайын окуучулар менен сабака катышуусу, жетишүүсү жана тартиби боюнча аңгемелешүүлөр жүргүзүлүп турду.<br>Бош убактысын туура пайдалануу максатында окуучулардын жөндөмүнө жана кызыгуусуна жараша ийримдерге тартылышты.<br>Ленин районуна караштуу 106 окуучу медициналык кароодон өткөрүлүп, алгачкы аскердик каттоого коюлду.<br>Жол коопсуздугун жана травмалык кырсыктардын алдын алуу максатында Бишкек шаардык жол кырсыктардын алдын-алуу инспекциясы менен биргелешкен план иштелип чыгып, МАИ кызматкерлери менен биргеликте 1-4-класстарынын окуучулары менен "Көңүл бургула балдар" темасында аңгемелешүүлөр , 5-11-класстарда жолдо жүрүү эрежелери жана травмалык кырсыктардан алдын алуу |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | боюнча маектешүүлөр өткөрүлдү. « Жолдо жүрүү эрежелерин сактоо», «Жолдо жүрүү эрежелери жана кырсыктардын алдын алуу» боюнча ИИББы боюнча ЖКККБнын нөөмөт бөлүмүнүн нөөмөткөр тескөөчүсү, милициянын лейтенанты Жусупбеков Жаркынбек менен бирдикте 1-4-класстын окуучуларына түшүндүрүү иштери жана аңгемелешүүлөр жүргүзүлүп турду.<br>Жашыл ай коому тарабынан "Саламат жашоо таалим тарбиясы" проектиси боюнча зыян адаттарды алын алуу багытында 2-6-класстарына атайын түзүлгөн окуу программасы боюнча 4-3-класстарда ачык тарбиялык сааттар өтүлдү.<br>"ЗЫЯНДУУ АДАТТАРДЫН КЕСЕПЕТТЕРИ" темасында эки жумалык карикатуралар көргөзмөсү уюштурулду. Карикатура көргөзмөсүнүн максаты: Юмор жана анын "дүйнө тили" болгон карикатура аркылуу зыяндуу адаттарга болгон көз карандылыкка көңүл буруу, терс адаттарга байланыштуу жаштардын аң сезимин жогорулатуу жана туура жүрүм-турумга көнүктүрүүнү камсыздоо.<br>Тарбиялык иштерди уюштуруунун көпчүлүк бөлүгү класстан тышкаркы иштер аркылуу жүзөгө ашырылат.<br>Даталуу күндөр өз деңгээлинде уюштурулуп: «Билим күнүнө» арналган салтанаты, «Эне тилим сыймыгым» мамлекеттик тил майрамы, «Мугалим– мөмөлүү дарак» салтанаты, "Карылар-калк бактысы", " Биз биргебиз" акциялары өткөрүлдү. Бул майрамдарга, акцияларга мугалимдер, окуучулар активдүү катышышты.<br>1-октябрь Карылар күнүнө карата мектептин ардактуу эс алуудагы «Ардагер» эже-агайларды чакырып «Калк бактысы-карылар» темасында 11-а классынын окуучулары жана класс жетекчиси Корошова С.М. тарабынан даярдалган майрамдык куттуктоо концерттик иш-чарасы болуп өттү.<br>« Карыларга камкордук» акциясында түшкөн каражатка алынган белектерди мектеп парламенти жана уюштуруучу Чолпонкулова Г. менен технология мугалими Иманалиев И. Ала-Тоо аймагында жашаган жалгыз бой карыларга тартуулап, жылуу сөздөрүн айтып маанайларын көтөрүп, кубаныч тартуулоо менен карылардын ак баталарын, ыраазычылыгын алып келишти.<br>2021-жылдын 18-октябрында өрт коопсуздугун жана табигый кырсыктардын алдын алуу боюнча үйрөнүүчү эвакуациялоо иш-чарасы болуп өттү. Эвакуацияга 1700 окуучу, 56 мугалим жана кенже тейлөө кызматкерлери катышты.<br>Иш-чаранын максаты: окуучуларды жана жалпы эмгек жамаатын ар кандай кырсыктарда кооптуу жайдан коопсуз жайга тез арада алып чыгуу, коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструкцияларды жүргүзүү.<br>Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, фантазиясын өстүрүү менен бирге жаратылышты |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | сүйүүгө, эмгекти баалоого тарбиялоо максатында « Күз балы» майрамы 1-11-класстарында өткөрүлдү.<br>Окуучулардын өз ден соолугуна кам көрүү жана чыңдоо маданиятын калыптандыруу, саламаттыкты сактоо маданиятын жайылтуу максатында«СПИД кылым коркунучу» темасында 5-11-кластарда класстык сааттар өтүлдү.<br>Джей-Хоуп коомдук фондусу тарабынан келген атайын менторлор, өспүрүм курактагы окуучулар менен иштөө программасын ишке ашыруу багытындагы тренингдерди, класстык сааттарды өткөрүү ишке ашырылды.<br>Сергек жашоо образын түзүү жана окуучулардын ден соолугун чыңдоо максатында 7-класстардын арасында «Спорт-ден соолуктун булагы» ", "Биз жашоонун сергек мүнөзүн тандайбыз" темасында спорттук мелдеш болуп өттү.<br>Мелдеште 1-орун: 7–к класы<br>2-орун: 7-ж классы<br>3-орун: 7 -а классы ээледи.<br>"Жаңы жыл дүйнө жүзүндө" темасында ачык тарбиялык сааттар өтүлдү.<br>7-класстар арасында дубал газета конкурсу уюштурулуп 7–к классы, акварель жана башка материал аралаштыруу техникасы менен өзгөчөлөндү. Стенгазета даярдаган класстарга активдүү катышуучу дипломдору даярдалды.<br>Кышкы каникул күндөрүнө коопсуздутар боюнча 1-11-класстарга көрсөтмөлөр берилип, нускамаларга кол койдурулуп, эс алууга таратылды.<br>Январь айында санитардык абалды катуу көзөмөлгө алуу менен бардык класс жетекчилер окуучулардын өздүк гигиенасына, кабинеттердин санитардык абалына, желдетүүсүнө атайын түзүлгөн графиктин негизинде көзөмөл жүргүзүштү. "Өзүн өзү алып жүрүү ,сүйлөө, сөз маданияты", "Сасык тумоо оруусу", "Эхинококкоз","Өрт коопсуздугу","Толеранттулук жөнүндө" класстык сааттар өтүлдү. Башталгыч класстарында -" Тайгактан абайла" темасында класстык сааттар өтүлдү. 3-4- класстардын окуучуларына СЖТТ программасынын методологиясы боюнча тарбиялык сабактар өтүлдү. Өрт коопсуздук эрежелери боюнча, өрттүн келип чыгуу себептери, биринчи медициналык жардам көрсөтүү боюнча класстык сааттар өтүлдү.<br>8-А жана Г класстары «Жаман адаттан алыс бол, тамеки чегүү, насвай атуу зыяндары» темасында ачык тарбиялык саат өтүп, ден соолукка зыян алып келүү факторлорун көрсөтүп беришти. 8-9-10-11 – класстарынын окуучуларынын арасында "Биз жашоонун сергек мүнөзүн тандайбыз" аттуу темада спорттук мелдештер өткөрүлдү. 9 – класстар арасында толеранттулук боюнча класстык сааттар диолог, викторина, тегерек стол формасында өтүлдү.<br>Февраль айында илим жана техника жумалыгы боюнча план түзүлүп, декаданын планы менен табигый |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | илимдер, технология усулдук бирикмелери иш алып барды. Илим жана техника жумалыгы боюнча окуучулар тарабынан дилбаяндар, сүрөттөр жана дубал гезиттери чыгарылды. Окуучулардын өз колу менен жасаган буюмдарынын көргөзмөсү өттү.<br>"Жаш өспүрүмдөр арасында социалдык тармактагы оюндардын куч алышы жана аларды алдын алуу " боюнча баардык класстарда ата -энелер чогулушу өттү. Баардык ата энелер балдардын мектепке телефон алып келуусүнө каршы болушту. Балдарын социалдык түйүндөрдөн четтетүүгө сөз беришти.<br>15-февраль Афганистандан Советтик куралдуу күчтөрүн чыгарып кетүү күнүнө арналган мектептик иш чара, Баткен окуясынын, Афганистан согушунун ардагерлеринин катышуусунда уюштурулду.<br>Салт боюнча 5 –класстар арасында 21- февраль "Эне тил күнүнө" карата конкурс өткөрүлдү. Конкурста биринчиликке 5 -г классы татыктуу болду.<br>"Жоокер" аскердик-спорттук мелдешинин жобосу бекитилип, 10-11-класстар арасында мелдеш өкөрүлдү.<br>Мелдеште 10-Б классы: 1-орун<br>10-а классы: 2-орун<br>11-а классы 3-орунга татыктуу болду.<br>23- февраль "Мекен коргоочулар күнүнө" карата 6-Ж классынын класс жетекчиси Бузурманкул к. Назира, ата-энелердин катышуусунда иш чара уюштурду. Иш чарада аскердик конкурстар, оюндар аткарылды жана согуш убагын чагылдырган сахналаштырылган сценка коюлду.<br>8-В жана 8-З класстары 3-март Мамлекеттик туу күнүнө, 5-март Ак калпак күнүнө арналган салтанаттуу линейка өткөрүштү. Линейкада потриоттук багытта ырлар ырдалып, потриоттук тематикада көркөм окуу айтылды.<br>8- март Эл аралык айымдар күнүнө карата, 9-Г классы майрамдык куттуктоо иш чарасын уюштурду. Мектептеги мугалимдер жамаатына жана окуучу кыздарга жагымдуу маанай тартуулады.<br>Мектептин медициналык кызматкери 8- класстарга Туберкулез оорусун алдын алуу боюнча лекция окуп, ооруну алдын алуу көрсөтмөлөрү менен китепчелерди таратты. Баардык класстарда класстык сааттар өтүлдү.<br>18 – март күнү мектепте "Кут толгон Нооруз майрамы"-аттуу усулдук бирикмелер арасында улуттук оюндар мелдеши,улуттук тамак-аштар конкурсу болуп өттү.<br>Апрель Элдик революциясы боюнча тарых мугалимдер, класс жетекчилер планда белгиленген "Фото баян" бурчун даярдашты. "Космонавттар күнүнө" арналган класстык сааттар өтүлдү.<br>29-апрель Бишкек шаарынын 144 жылдыгына арналган Ленин райондук билим берүү башкармалыгы уюштурган иш чарасына 15 окуучу катышып келди. Бардык класс жетекчилер "Шаар күнүнө" арналган класстык сааттарды өткөрүштү. Мектептин чоң залында Тарбия завучунун жетекчилиги астында, музыка мугалимдери уюштурган Бишкек шаарынын 144 жылдыгына,Улуу Жеңиштин 77 жылдыгына |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | арналган Гала концерти болуп өтүү. 5-8-класстардын талантуу окуучулары, өз таланттарын тартуулашты.<br>Социалдык педагог, БИИ кызматкери компьютердик клубдарга рейд жүргүзүп турушту.<br>Пландалган прививкалар өз убагында окуучуларга жасалып жатты.<br>Жаз айынын башталышы менен мектептин тегерегин тазалоо, жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү, көчөттөр тигилип, мектептин алдына гүлдөр отургузулду. Жума сайын ички жана тышкы аянтчалар убагында тазаланып, көрктөндүрүү акциясы уюштурулду.<br>Кечиккен, формасы жок окуучуларга тиешелүү чараларды колдонуп,ата-энелер менен сүйлөшүүлөр болду.<br>Тартип бузган окуучулар менен класс жетекчи, ата – эне болуп биргеликте иш жүргүзүп,тиешелүү чаралар көргөзүлдү..<br>Бүтүрүүчү класстарг кесипке багыт берүү иштери планда белгиленгендей окуу жайлар менен биргеликте ишке ашырылды. Жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту алдын алуу максатында 5-11-класстардын Балдар кеңешине кеңешме өтүлүп, токтомдор кабыл алынды.<br>Май айында эс алуу күндөрү 30-апрельден 10-майга чейин болгондуктан 1-май “Эмгекчилердин эл аралык күнүнө”, 5-май “Конституция күнүнө”, 9-Май “Улуу Жеңиш” майрамына арналган класстык сааттар, иш чаралары 15-апрелден 15-майга чейин атайын пландын негизинде өтүлдү.<br>4 -июнь күнүнөн 9–июнь күнүнө чейин окуу жылын жыйынтыктоочу линейкалар болуп өттү. Линейкада, коомдук иштерине жигердүү катышкан окуучуларды жана алардын ата энелерин , жыл бою мыкты катышуусу,тартиби, формасы боюнча “Эң мыкты класс” номинациясына ээ болгон класстар мектептин мактоо грамоталары менен сыйланышты.<br>9-июнь күнү мектепте “Акыркы коңгуроо” аземи болду.Салтанаттуу линейкага 9-11- класстардын окуучулары, мугалимдер, ата-энелер, эмгек жамааты катышышты. Салтанаттуу линейка 9-11 –класстардын талантуу окуучуларынын концерттик программасы менен коштоду. | |
| | ***“Тобокел” тобу:*** | ***Жаш өспүрүмдөрдү иликтөө аймактык тескөөчүсү (ЖӨИАТ) көзөмөлүндөгү окуучулар*** | 34 |
| | | ***Мектептин ички көзөмөлүндө турган окуучулар*** | 44 |
| | ***Ийримдер:***<br>(402 окуучу) | ***Спорттук*** | Баскетбол,футбол,спорт туризми- 75 окуучу<br>Шахмат,тогуз коргоол –<br>30 окуучу<br>Стол тенниси- 22 окуучу<br>Волейбол – 30 окуучу |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | “Тайтебиш”-80 окуучу<br>Эркин күрөш-25 окуучу<br>Боскетбол- 25 окуучу |
| | | ***көркөм*** | “Нур Адем” бийийрими-42 окуучу<br>Кубулжу комуз – 25 окуучу<br>Чебер устачылык-20 окуучу<br>Кол өнөрчүлүк – 40 окуучу |
| | | ***предметтик*** | Көркөм өнөр – 20 окуучу<br>Сөз өстүрүү – 20 окуучу<br>Тарых таануу-15 окуучу<br>География-15 окуучу |
| | | ***Мектеп компоненти*** | Кыргыз тилиндеги “Чечендик өнөр”-сүйлөө кебин калыптандыруу- |
| | ***Мектептеги иш чаралар:*** | “Чыңгыз Айтматов балдардын жүрөгүндө” аталышындагы башталгыч класстардын мугалимдери 1-класстын окуучулары менен бирдикте уюштурулган иш чара 12-декабрга карата өткөрүлдү.<br>Шаардык билим берүү башкармалыгы тарабынан түзүлгөн пландын негизинде ,китеп күнүнө карата “Китеп куржуну”аттуу конкурсу 2-класстын окуучулары ата-энелери менен бирдикте өткөрүлдү.<br>“Атам,апам жана мен” аталышындагы спорттук иш чарага 3-класстардын окуучулары ата-энелери менен катышып,ийгиликтүү өткөрүп алышты.<br>“Алиппем алтын ачкычым” аталышындагы Алиппе китеби менен коштошуу тарбиялык саатары 11 класс жетекчинин даярдоосу менен жогорку деңгээлде өткөрүлдү.<br>“Биз бийиктикке учабыз” 4-класстардын окуучулары класс жетекчилердин,ата-энелердин коштоосу менен башталгыч класс менен коштошуу кечесин өткөрүп алышты.<br><br>2021-жылдын 23-сентябрында Мамлекеттик тил күнүнө карата “Эне тили болбосо,аты аталбайт улуттун”аттуу иш-чара болуп өттү<br>Кыргыз Мамлекетинин эгемендүүлүгүнүн 30-жылдыгына жана Касым Тыныстановдун 120-жылдыгына арналган<br>“Касым Тыныстанов –кыргыз элинин илим-билими жана кыргыз ткарыхынын трагедиясы”аттуу иш-чара болуп өттү. | |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | 12-декабрьАдабият күнү.Чыңгыз Айтматовдун жаркын элесине арналган чоң программадагы "Ааламдын алп жазуучусуна таазим"аттуу адабий кече болуп өттү.<br><br>Мектептин чыгармачылык тобу менен бирдикте бүтүрүүчү класстарынын окуучулар арасында "Билим гана адамды эркин жана бийик кылат" аттуу интеллектуалдык оюн өткөрүлдү. Ага жалпы 23 окуучу катышып, 3 турдун жыйынтыгында "Мыктынын мыктысы" наамын 11-класстын окуучусу Майсалбек уулу Адилет татыктуу болду жана мектептин сыйлыгы менен сыйланды.<br><br>Мамлекеттик тил күнүнө карата "Келечек жолу илим, билим жана руханият!" (бабалар мурасы) аттуу үйрөтүүчү семинарды жаш класс жетекчилерге, 8-декабрында адабият күнүнө карата, кыргыз элинин залкар акыны Алыкул Осмоновдун өмүрү чыгармачылыгы боюнча 9-д классына ачык сабак тажрыйбалуу мугалим Турдуматова З.И ачык сабак өтүп берди.<br><br>"Мен англис тилинде Манас айта алам" сынагы мектептин базасында өкөрүлүп, 1-орунга ээ болдук.<br><br>-Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө-30 жыл<br>-15-сентябрь "Билим күнү"<br>- 23-сентябрь "Мамлекеттик тил күнү"<br>-"Жолдо жүрүү эрежесин сактайлы" эки жумалыгы.<br>- Жол кайгуул кызматкерлеринин лекциясы,<br>-1-октябрь Карылар күнүнө карата "Карылар –калк бактысы" иш чарасы жана акциясы<br>- 5-октябрь мугалимдер күнү<br>-өзгөчө кырдаалдар эвакуация машыгуусу<br>-айына бир жолудан өтүлүүчү мектеп линейкасы<br>-Укук бузуучулукту алдын алуу иш чаралары: балдар кеңешин, кыздар кеңешин түзүү, жарым жылдыкта 2 ден кенешме өткөрүү<br>-мектеп парламентин шайлоо жана инаугурациясы<br>-жаңы жыл дүйнө жүзүндө иш чарасы<br>-15- февраль Афганистан ардагерлеринин катышуусунда мектептик иш чара<br>-21-февраль Эл аралык эне тил күну<br>-23-февраль Мекен сакчылар күну<br>-"Жоокер" аскердик-спорттук мелдеши<br>-3-март Мамлекеттик Туу күнү, 5-март Ак калпак күнүнө карата салтанаттуу линейкасы |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | -8-март Эл аралык айымдар күнү-иш чарасы<br>-мугалимдер арасында 7-апрель “Ден соолук күнүнө” карата спорттук мелдештер, окуучулар арасында спорттук мелдештер<br>- мектеп айланасын көрктөндүрүү, жашылдандыруу акциясы<br>- 7-апрель Элдик революция күнүнө карата иш чара<br>-18-апрель “Эстеликтердин жана тарыхый жайлардын эл аралык күнү иш чарасы<br>- 23-апрель “Китеп күнүнө” карата башталгыч класстарда иш чара<br>-29-апрель Бишкек күнүнө-144 жыл, 9-май Улуу Жеңиш майрамына карата гала концерт<br>- Кол өнөрчүлүк ийриминин жылдык отчеттук иш чарасы<br>- “ Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук”- жылына карта сүрөт конкурсу<br>- 1-май эмгекчилер күнү, 5-май Конституция күнү, 16-май энелер күнүнө карата иш чаралар<br>-англис тилинде манас айтуу конкурсу<br>-Алиппе майрамы<br>-“Кош бол башталгыч класс”- иш чаралары<br>-1-июнь-Балдарды коргоо күнүнө карата Эл аралык фестивальдын конокторун тосуу аземи<br>-окуу жылын жыйынтыктоо линейкалары<br>- “Акыркы конгуроо” салтанаттуу линейкасы<br>- “ Күбөлүк, аттестат тапшыруу аземи”<br>. |
| | ***Райондук иш чаралар:*** | “Окуйбуз,изилдейбиз,жасайбыз” изилдөө долбооруна Ашырбаева Күмүшай жетектеген 4-класстын окуучулары даярданып, райондук деңгээлде барып катышып келишти.<br><br>Мамлекеттик тилдин 32-жылдыгына карата “Тил жоголбойт,жоголсо,жоголот дил”аттуу райондук дилбаян сынагына активдүү катыша алдык.<br>10-класстын окуучусу Алыбаев Мырзаш 1-орунга ээ болуп,шаардык турга катышууга жолдомо алды.Мугалими Боронова Замира Сапарбаевна.<br>2021-2022-окуу жылында «Мектеп лигасынын» райондук спорттук мелдеши Роуп-скиппинг түрүнөн 2-орунду 1. Токтосунова Аяна<br>2. Саматов Альберт<br>3. Куштарбеков Жанар<br>4. Анаркулова Асель 8-11 жаш курактагы окуучулар жеңип алды. |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | Райондук жазгы спартакиадада, пионербол мелдешинен 2-орунду, аркан тартыш мелдешинен 2-орунду ээледи. |
| | ***Шаардык иш чаралар:*** | Адабий көркөм мурастарды жайылтуу максатындагы китепканалар сынагында 1-орун;<br><br>Жылдын мыкты мугалими 2022 сынагында 2-орун;<br><br>КТРКнын уюштуруусундагы акыл-таймаш оюнунда 3-орун;<br><br>Республикалык "хверт" спорттук оюнунда 11-классынын окуучусу Абазганов Дастан 1-орун;<br><br>Ал эми шаардык сынакта 2-орунга ээ болуу менен баалуу сыйлыктын ээси болду.<br>4-декабрь "Манас"эпосунун күнүн белгилөө боюнча шаардык сынакка 8-класстын окуучусу Карыпбеков Эмир 1-орунга ээ болуп,даярдаган мугалими Таабалдиева Гүлзат Асанбековна менен биргеликте баалуу сыйлыктар менен сыйланышты.<br><br>Эл аралык "Наристе" фольклордук фестивалын өткөрүп, Монголия, Алтай, Талас, Нарын жергесинен келип катышты.<br>Республикалык жер таануу туристтик жаңы жылдык квест мелдешинде 2022-жыл 2-январь күнү:<br>1-орунду: 1.Абазканов Дастан 11а классы<br>2. Усенбекова Бегимай 11-б классы<br>3. Жеенбаева Жумагүл 8–в классы<br>4. Бузурманкулов Ислам 7-к классы ээледи.<br>Республикалык туристтик слетто, 2022-жылы 28-июнь күнү спорттук ориентир мелдешинде:<br>1-орунду Ырысбеков Бекмырза 8-б классынын окуучусу<br>Мугалимдер арасында 2-орунду Джумагулов Улан Үсөнович жеңип алды.<br><br>2022-жыл, 17-июнь күнү Эл аралык "Роуп скиппинг" спорттук мелдешинен:<br>1-орунду Саматов Альберт 4–г классынын окуучусу<br>2- орунду Анаркулова Асель 5-к классынын окуучусу ээледи. |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| | ***Окучуларга социалдык жардам берүү:*** | Жалпы мектеп боюнча 3967 окуучу мектепти аяктады.<br>Шаардык Кеңештин депутаты Светлана Козубаевнанын уюштуруусу менен 40 окуучунун үй бүлөсүнө гуманитардык-социалдык жардамдар көрсөтүлдү. |
| | ***Ата-энелер менен иштөө:*** | 2021-2022-окуу жылынын ата-энелер менен иштөө планынын негизинде жүргүзүлдү.<br><br>Класстык ата-энелер чогулуштарын өткөрүү. Ата – энелер комитетин шайлоо.<br><br>Жолдо жүрүүнүн эрежелери, техникалык коопсуздук элежелери менен тааныштыруу.<br><br>Мектеп эрежелери менен тааныштыруу.<br><br>Укук бузуучулуктун алдын алуу.<br><br>Окуучулардын ден соолугун медициналык кароодон өткөрүү.<br><br>Окуучулардын социалдык абалы менен таанышуу.<br><br>Ата-энелерди мектеп арасындагы мелдештерге тартуу.<br><br>Тарбиялоого оор болгон балдардын ата-энелери менен иштөө<br><br>Жугуштуу оорулардын алдын алуу иштерин жүргүзүү<br><br>Нооруз майрамын өткөрүү<br><br>Ишембиликтерди уюштуруу<br><br>Ачык эшиктер күнүн уюштуруу<br><br>Май майрамдарын уюштуруу |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Эң жакшы окуган окуучулардын ата –энелерине ыраазычылык билдирүү<br><br>Класстын ремонт иштерин ата-энелер менен биргеликте аткаруу<br><br>Ата-энелер комитеттеринин класстык жылдык отчету | |
| | ***Кесипке багыттоо иштери:*** | Кесипке багыттоо боюнча мектептин жылдык планына ылайык ар түрдүү иш чаралар, ата-энелер менен биргеликте тегерек стол, түшүндүрүү жыйналыштары өткөрүлдү. Жогорку окуу жайлары менен биргелешип иштөөнүн жыйынтыгында бир нече окуу жайларга окуучулар класс жетекчилери менен биргеликте саякатка чыгып келишти.Мектеп ичинде слайд, көрсөтмөлүү иштер жүргүзүлдү. Окуучуларды ар багыттагы ЖОЖ дор менен тааныштырууга алынып барылды.<br><br>Жогорку Кеңештин имаратына саякатка социалдык абалы оор жана үлгүлүү жалпы 40 окуучуну алып бардык, ошондой эле айрым депутаттар (Ханджеза Карим Лемзарович, Жаныбек Абиров) менен баарлашып, иш тажрыйбасын угуу менен кайттык.<br><br>Мектеп окутуучулары, жогорку окуу жайларга, кесиптик лицейлерге, колледждерге экскурсияга барып, кесипке багыт берүү иштери боюнча жолугушууларды өткөрүп келишти.<br>Университеттен барган өкүлдөр Райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Абдрасул Бектемирович менен жана райондун жалпы мектеп жетекчилери менен жолугушуп, университет тууралуу кеңири маалымат берип кайтышты. | |
| **Окуу-тарбия иштери боюнча анализ** | ***Мектеп боюнча окуучулардын жетишүү-өздөшүүсү*** *(окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн класстар боюнча):* | ***Эң жакшы*** | 444 |
| | | ***Жакшы*** | 988 |
| | | ***Канааттандырарлык*** | 2039 |
| | | ***Бир “4” алган окуучулар*** | 23 |
| | | ***Бир “3” алган окуучулар*** | 39 |
| | | ***Жетишпей окуй албаган окуучулар*** | Пед.кеңешмеде каралып, ата-энелерине маалымдалды. |
| | | ***Билим сапаты %*** | 42,08 |
| | | ***Өздөшүүсү %*** | 100 |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | *Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация 9 класстар* | Жалпы: 268<br>Жиберилди:-268<br>Бошотулду ВКК:<br>ЖМАга себеби жок катышпагандан улам 1 окуучу күзгү сыноого калтырылды.<br>Эң жакшы:42, жакшы-78, канааттандырарлык-148<br>Өзгөчө үлгүдөгү:-19 окуучу<br>Билим сапаты: 45% , өздөшүүсү:100 % | |
| | *Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация 11 класстар* | **Жалпы: 74 күндүзгү,**<br>Жиберилди:-74<br>Бошотулду ВКК:-<br>Эң жакшы: 11, жакшы-24, канааттандырарлык-39<br>Өзгөчө үлгүдөгү:-0<br>Билим сапаты: 47,2%, өздөшүүсү:100%<br>**Жалпы: 28 кечки окуу классы**<br>Жиберилди:-28<br>Бошотулду ВКК:-<br>Эң жакшы: 4, жакшы-8, канааттандырарлык-14<br>Өзгөчө үлгүдөгү:-0<br>Билим сапаты: 43%, өздөшүүсү:100% | |
| | | *Райондук -* | Жалпы: 16 окуучу райондук олимпиадага катышууга жолдомо алышты. |
| | | *Шаардык предметтик /башка шаардык (анын аталышы)* | Жалпы: - жеңүүчүлөр жана сыйлыкка ээ болгондор: |
| | | *Республикалык предметтик / башка* | Жалпы: - жеңүүчүлөр жана сыйлыкка ээ болгондор: |

Сканировано с CamScanner

<table>
<tr><td></td><td></td><td>республикалык (аньн аталышы)</td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td>Эл аралык (аньн аталышы) / Эл аралык (онлайн) (аньн аталышы)</td><td colspan="2">Жалпы: - жеңүүчүлөр жана сыйлыкка ээ болгондор:</td></tr>
<tr><td></td><td>“Алтын тамга” сертификат:</td><td colspan="3">- “Алтын тамга” сертификатын алган окуучуларыбыз жок, 9-класста 19 окуучу” Артыкчылык күбөлүгүн” алууга жетишти. Ал эми 11-класстардан 6 окуучу катышып, жыйынтыгы төмөнкүдөй болду;<br>кыргыз тилинен 4 окуучу-жакшы;<br>1 окуучу-эң жакшы;<br>1 окуучу-канааттандырарлык баага ээ болушту, пайыздык көрсөткүчү 83,3%<br><br>Калган 3 предметтен канааттандырарлык эмес баа алып, артыкчылык аттестатына ээ болбой калышты.</td></tr>
<tr><td></td><td>Долбоор ишмердүүлүгү</td><td colspan="2">Мектеп</td><td>Билим берүү жана илим министрлигинин алкагында “Окуу керемет”долбоору боюнча 43 мугалим адабий окуу сабагы боюнча,15 мугалим математика сабагынан заман талабына ылайык ыкмаларды үйрөнүү максатында окушуп, модулдук иштерин ийгиликтүү тапшырып,адабий окуу сабагы боюнча 43 мугалим сертификат алуунун алдында турушат. Бул долбоордун алкагында 20 дан ашык мугалим тажрыйба алмашуу максатында жогорку деңгээлдеги сабактарды көрсөтүп беришти. Ар бир сабакка долбоорду өкүлдөрү Рахат Уметбековна, Гулира Биримкуловалар катышып,талдоо иштерин жасап жатышты.<br>“Мектеп 2020-2030” долбоору боюнча башталгыч класстар боюнча мугалимдери Рысматова Д.А, Ибраева М окуу жылы ичинде ар кандай математикалык</td></tr>
</table>

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | *конкурстарды, сабактарды жогорку деңгээлде өтүп келишти.*<br>***Долбоордун жалпы саны: 3***<br>***Мектептер-2030***<br>***“Окуу керемети”***<br>«Китептин тарыхы”<br>“Тапкычтар клубу”<br>“Менин сүйүктүү жомогум” |
| | | ***Райондук*** | ***Долбоордун жалпы саны:***<br>***“Китеп билим булагы” сынагында***<br>*3-орун* |
| | | ***Республикалык*** | ***Долбоордун жалпы саны:2***<br>“Таштандыларды сорттоо жана айлана-чөйрөнүн булгануу көйгөйлөрү” деген темада уюштурулган республикалык “Жаштарга жана балдарга достук шаары” долбоору<br>***1-орун***<br>“Ыйык Ата-Журт коомдук жаштар” фонду тарабынан уюштурулган «Жаш Биларман» интеллектуалдык долбоору.<br>***1-орун***<br>***“Оеуу керемети”*** *долбоору боюнча активдүү катышуучу* |
| | | ***Эл аралык*** | ***Долбоордун жалпы саны:***<br>***ЭКО проект боюнча***<br>*1-орун*<br>*2-орун*<br>*3-орун* |
| **Мектептин ички көзөмөлү** | ***Козомолдун багыттары:*** | 1. Уюштуруу-аналитикалык иштер (мектептин билим берүү программасын аткаруу);<br>2. Мектептин өнүгүү программасында белгиленген иштерди аткаруу;<br>3. Мониторинг<br>4. Администрациялык көзөмөл<br>5. Усулдук кеңешменин көзөмөлү | |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | 6. Ички көзөмөл (түрлөрү аркылуу)<br>7. Шаардык көзөмөл |
| | *Иш кагаздары менен иштөө:* | **Мектеп ичинде тематикалык, административдик, класстык жалпылоочу көзөмөл жүргүзүлдү.**<br>Мектептин окуу кабинеттерин,коридорлорун жаңы усулдук көрсөтмөлөр,сунуштардын негизинде толуктап жасалгалоо боюнча 2021-жылдын 4-октябрында администрация мүчөлөрү тарабынан көзөмөл жүргүзүлдү.<br>Класс кабинеттеринин паспорту,методикалык көрсөтмө куралдар,дидактикалык материалдардын толуктальшы жана санитардык-гигиеналык абалы,эстетикалык көрүнүшү каралды. Ден соолук бурчу,мамлекеттик тил бурчу, класстык бурч жана коопсуздук эрежелеринин жасалгаланышына сунуштар жана эскертүүлөр берилди.<br>Ушундай эле кабинеттердин абалын текшерүү экинчи ирет кайрадан жүргүзүлдү.<br>Башталгыч класстарында тарбиялык иштердин жана окуу иштеринин алып барылышы боюнча маалымат топтоо бий ай убакыт аралыгында текшерүүгө пландаштырылды.<br>Төмөнкүдөй иш кагаздары каралды:<br>1. Класстык журнал<br>2. Окуучулардын өздүк делосу<br>3. Окуучулардын күндөлүктөрү<br>4. Ата-энелер чогулушунун протоколдору<br>5. Тарбиялык сааттар<br>6. Окуучулардын социалдык абалы<br>7. Өз ара сабакка катышуу<br>8. Сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөө<br>9. Таланттуу окуучулар менен иштөө<br>10. Окуучулардын ой жүгүртүүсүнө байкоо жүргүзүү(психолог)<br>Жорорку класстарында тарбиялык жана окуу иштеринин алып барылышы боюнча маалыматты топтоп,анализдөө иштери 2021-жылдын 13-декабрь күнүндө жүргүзүлдү.<br>Эмнелер каралды:<br>1. Усулдук бирикме жетекчилеринин иш кагаздары жана план менен иш алып баруулары<br>2. Райондук олимпиадага даярдык (олимпиаданын талаптары)<br>3. Класс кабинеттеринин паспорту<br>4. Насаатчылык иштеринин алып барылышы |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | 2021-2022окуу жылында №82 жалпы билим берүү орто мектебинин жылдык жана өнүгүү планынын негизинде усулдук кеңештин планы түзүлүп,системалуу түрдө иш чаралар өткөрүлүп турду. Мектептин жылдык планына ылайык мектеп ичинде ички көзөмөл жүргүзүлдү,алар административдик жана класстык жалпылоочу көзөмөл . Класстык жалпылоочу көзөмөл 2 бөлүктөн турду.1-бөлүктө белгиленген мөөнөт-07.10-11.10.2021 жыл. Мектептин планында түзүлгөн ички көзөмөлдүүлүк боюнча 9-10-11-класстарынан административдик текшерүү иштери төмөнкү предметтер боюнча алынды: математика,география,физика,биология,орус тили,кыргыз тили жана адабияты,тарых,англис тили предметтери.<br><br>Мектептин планында түзүлгөн ички көзөмөлдүүлүк боюнча 6-7-8-класстарынан административдик текшерүү иштери төмөнкү предметтер боюнча алынды: математика,география,физика,кыргыз тили жана адабияты,тарых,орус тили.<br>Биринчи жарым жылдыктагы алынган текшерүү иштеринин максаты:<br>• окуучулардын билиминин сапатын аныктоо;<br>• экинчи чейректеги билим деңгээлин текшерүү;<br>• окуу материалын кайталоодо кетирилген катачылыктарды жоюу. |
| | *Тапшырмалар:* | **Мектептин педагогика-психологиялык темасы:**<br>**"Инсандыкка багыттоо менен окутуу-тарбиялоо процессин гумандаштыруу.**<br>**Окуучуга берилүүчү окуу материалынын чыгармачылыкка багыттоочу ресурсун күчөтүү аркылуу билим жана тарбия берүү процессин оптималдаштыруу".** |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| **Илимий-методика-лык иштерге анализ** | | №1.Мектептин башкаруу системасын өнүгүүнүн тенденцияларына ылайык жаңылоо, санариптештирүү;<br><br>№2.Заманбап билим берүү мамилелеринин зарыл шарты катарында педагогикалык кызматкерлердин кесиптик жана инсандык өсүш системасын оптималдаштыруу;<br><br>№3.Инсандын социалдык чөйрөдө өзүн алып жүрүү көндүмдөрүнө ээ болуусуна, кесипке багыт алууга жана адеп-ахлак жактан калыптанышына оптималдуу шарт түзүү багытында билим берүү процессинин уюштурулушун, мазмунун жана технологиясын жаңылоо;<br><br>№4.Мектептин билим берүү процессинин мазмунун жана инфраструктурасын жаңылоо максатында сырттан өнөктөштөрдү тартуу үчүн мектеп билим берүү мейкиндигиндеги маалыматтын ачык-айкын болушун камсыз кылуу.<br><br>№5.Жаңы стандартка ылайык иш жүргүзүүнү жогорку денгээлде калыптандыруу менен бирге билим сапатына өзгөчө көңүл буруу. |
| | ***Багыттар:*** | 1. Уюштуруучу-педагогикалык ишмердүүлүк<br>2. Предметтик мугалимдер менен иш алып баруу<br>3. Педагогикалык кызматкерлердин чеберчилигин жогорулатуу боюнча иш алып баруу<br>4. Илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк<br>5. Мугалимдердин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө-баалоо<br>6. Жаш адистер менен иш алып баруу<br>7. Жаңы келген мугалимдер менен иш алып баруу<br>8. Методикалык иштерди камсыздоо<br>9. Усулдук бирикмелердин жетекчилери менен иш алып баруу<br>10. Усулдук бирикмелердин ичинде өткөрүлүүчү иштер<br>11. Чыгармачыл топ менен биргеликте “Санарип мугалим” сынагына катышуу<br>12. Жыйынтык анализдер |
| | ***Иштин формасы:*** | • **Усулдук иш-чаралардын жогорку денгээлде өтүлүшүн камсыз кылуу;**<br>• **Жаш адистердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;**<br>• **Педагогдордун билимин өркүндөтүү боюнча уюштурулган сабактарды сапаттуу өткөрүү** |
| | ***Педагогикалык*** | *№1 2021-2022-окуу жылына карата окуу-тарбия иштерин пландаштыруу;* |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | *кеңеш (темалары):* | *№2 Мугалимдердин ишмердүүлүгү педагогдун кесиптик стандартынын талаптарынын көрсөткүчү;*<br>*№3 Окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү аркылуу билим сапатын көтөрүү;*<br>*№4 Окуучулардын билимин объективдүү балоо;*<br>*№5 2021-2022-окуу жылында негизги билим алган 9-класстардын жана толук орто билим алган 11-класстын окуучуларын ЖМАга жиберүү;*<br>*№6 мектептин 1-4-класстарын жана 5-8-10-класстарын класстан класска көчүрүү боюнча;*<br>*№7 Негизги билим алган жана толук орто билим алган окуучулардын билими боюнча документтерин тапшыруу.* |
| | ***Усулдук кеңеш** (темалары):* | №1 Окуу-тарбия иштерин жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча иш чараларды аткаруу;<br>№2 Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуусуна, өз билимин өркүндөтүүсүнө шарт түзүү;<br>№3 Предмет аралык усулдук бирикмелердин ишмердүүлүгүн уюштурууга көрсөтмөлөрдү берүү жана ырааттуулукту жандандыруу;<br>№4 Мугалимдердин илимий-изилдөөчүлүк иштерин жайылтууга шарт түзүү. |
| | ***Усулдук бирикмелер:*** | 1. Гуманитардык багыттагы усулдук бирикмеси (кыргыз тили жана адабияты, тарых жана адеп);<br>2. Табигый илимдер усулдук бирикмеси (математика, химия, биология, физика, география);<br>3. Технология усулдук бирикмеси ( информатика,көркөм өнөр, технология, музыка, дене тарбия);<br>4. Башталгыч класстар усулдук бирикмеси;<br>5. Англис тили усулдук бирикмеси;<br>6. Орус тили жана адабияты усулдук бирикмеси;<br>7. Көп тилдүүлүк усулдук бирикмеси. |
| | ***Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу:*** | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда 56 мугалим кесиптик чеберчилигин жогорулатты. 2022-жылдын августунан баштап жалпы 38 мугалим кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курсун улантышат. |
| | ***Инновациялык ишмердүүлүк** (формасы жана багыттары):* | -Өнүгүү программасын ишке ашыруунун мониторингинин системасын иштеп чыгуу;<br>-Билим берүүчү жана тарбия берүүчү долбоорлорду ишке ашыруу;<br>-Өнүгүү программасын ишке ашыруунун илимий-усулдук жана нормативдик укуктук жактан коштолушу;<br>-Өнүгүү программасынын мониторинг системасын ишке ашыруу жана жыйынтыктардын анализи. |
| | ***Кесиптик*** | ***Мектеп*** \| Аталышы: **“Мугалим-замандын кербен башы”** |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | *чеберчилик боюнча сынактар жана иш-чаралар:* | | Катышуучунун саны: 9 мугалим<br>Орду:- мектептин чоң залы<br>**Жыл сайын өткөрүлүүчү "Жыл мугалими-2021" конкурсу мектептин чоң залында өттү. "Мугалим – замандын кербен башы"** аталыштагы сынактын тапшырмалары:<br><br>**1.Чыгармачылык отчет – 10 мүнот**<br>**2. Мугалимдин портфолиосу(мугалимдин ишмердүүлүк топтомдору)**<br>**3.Күтүлбөгөн жагдайдан чыгуучу суроолор – 5 мүнөттүк убакыт берилди.**<br>Ар бир усулдук бирикмеден 3 мугалим катышты жана "Мыкты мугалим" сынагына эмгек стажысы 15 жылдан жогору мугалимдер, ал эми "Мыкты класс жетекчи" эмгек стажысы каралган жок, "Жаш мугалим" 3-5 жылга чейинки эмгек стажысы бар мугалимдер катыша алышты.<br>Сынактын катышуучулары төмөнкү мугалимдер:<br>1.Бекташова Сыргажан – башталгыч класстын мугалими<br>2.Жакышова Роза – башталгыч класстын мугалими<br>3.Медетбекова Айдана – башталгыч орус класстарынын мугалими<br>4.Чолпонкулова Гүлай-химия мугалими<br>5.Макеева Шайыргүл-технология мугалими<br>6.Мурзаканова Салтанат – кыргыз тили жана адабияты мугалими<br>7.Кулукеева Бурул-тарых мугалими<br>8.Самсиева Элнура – орус тили жана адабияты мугалими<br>9.Жапарова Айдана – англис тили мугалими.<br>Райондук сынакка татыктуу мугалимдер жыйынтыкталып тандалды,алар:<br><br>**Мурзаканова Салтанат – "Мыкты класс жетекчи"**<br>**Төмөнкү предметтер боюнча мастер-класстар даярдалды:**<br>1.Физика- Муканбетова Айнура<br>2.Информатика –Мааданова Жийде<br>3.Англис тили –Жапакова Зульфия<br>4.Кыргыз тили – Таабалдиева Гүлзат<br>5.Орус тили-Пашалиева Тамира<br>6.Биология-Джусупова Азиза<br>7.Химия-Кадырбек к Жазгүл |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 8.Мекен таануу –Байсеркеева Жыпар<br>2022жылдын 3-апрелине мектеп ичинде илимий конференцияны уюшуруу иштери пландаштырылды. Ал конференциянын темасы:<br>**"Билим берүүдө жеткиликтүүлүк,актуалдуулук жана сапат –бүгүнкү күндүн жана келечектин компетенциясы"** деп аталды.<br>"Сапаттуу билимди калыптандырууда методикалык иштин ролу" деген темада доклад усулдук иштер боюнча окуу бөлүм башчысы Муканбетова Айнура жасады.<br>Интерактивдүү сабактын үлгүлөрү (бир сабактын иштелмеси) деген аталыштагы мастер-класстар тажрыйбалуу 18 мугалим аркылуу аткарылды.<br>Педагогикалык окуу класс жетекчилик жана жаңы стандарт боюнча тажрыйбалуу 4 мугалим аткарды. |
| | | ***Райондук*** | 3-орун "Жүрөгүм менин балдарда"сынагы |
| | | ***Шаардык*** | 3-орун "Жүрөгүм менин балдарда"сынагы |
| | | ***Республикалык*** | Аталышы:<br>Орду: |
| | | ***Эл аралык*** | Аталышы:<br>Орду: |
| | ***ЖОЖдор менен болгон байланыштар*** | ***Кыргызстанда*** | *И.Арабаев атындагы улуттук университети, Улуттук университети,МУК, Юр.академия, КГНУ,БГУ, педагогикалык колледж* |
| | | ***Чет өлкөлөрдө*** | - |
| | ***Методикалык семинарлар:*** | ***Мектеп*** | **"Ментор-насаатчы деген ким?"** деген аталышта семинар уюштурулду.Анын максаты: сабактан жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу мектепте кандай жолго коюлган,кандай иштерди алып барса болот деген суроолорго жооп табуу.<br>Уюштуруучулар: башталгыч класстарынын мугалимдери<br>Бейшенова Аида<br>Рымбекова Айнура<br>Саламатова Бермет<br>Булар ошондой эле мектепте түзүлгөн чыгармачыл топтун мүчөлөрү болуп саналышат.<br>**Насаатчылык боюнча педагогикалык окуу уюштурулду.**Докладдын темалары төмөнкүдөй тартипте болду: |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 1.”Фундаменталдык билим берүүнүн маңызы” деген темада башталгыч класстын мугалимдери<br>Мукешова Г.К.<br>Машаева Т. доклад жасашты.<br>2.”Баалоонун критерийлери” деген темада кыргыз тили жана адабияты мугалимдери<br>Таабалдиева Г.А.<br>Турдумаматова З.И. доклад жасашты.<br>3.”Мугалимдин окутуудагы ишмердүүлүгү” деген темада<br>технология мугалими Макеева Ш.Т. доклад менен чыкты.<br>2022-жылдын 3-апрелине мектеп ичинде илимий конференция уюштуруу иштери пландаштырылды. Ал конференциянын темасы:<br>**“Билим берүүдө жеткиликтүүлүк,актуалдуулук жана сапат –бүгүнкү күндүн жана келечектин компетенциясы”** деп аталды.<br><br>**Көнүмүш жашооңузду өзгөртүп,улам жаңы-жаңы нерселерди<br>сынап көргөнүңүздө гана сиз үчүн эч кандай чек жок<br>экендигин байкайсыз<br>03/04/2022-жыл**<br><br>2021-2022 окуу жылынын октябрь айында башталгыч класстарынын декадасы өткөрүлдү.Анда 2-3-4-класстарында адеп,мекен таануу,адабий окуу,математика,кыргыз тил,дене тарбия,көркөм өнөр,ОБЖ жана музыка предметтери боюнча ачык сабактар берилди.Бардыгы болуп 22 мугалим ачык сабак берип,катышкан сабактарга сунуш-пикирлер айтылып,анализдер берилди.<br>Ноябрь айында директор алдындагы кеңешмеде усулдук бирикмелердин жетекчилери менен кенешме өткөрүлдү.Анда 6-7-8 класстарынан 18-ноябрдан 22-ноябрга чейинки убакытта математика,физика,география,кыргыз тили,орус тили,англис тили жана тарых предметтеринен билим кесилиштерин алуу жана талдоо иштери тапшырылды.Бардык предметтерге логикалык суроолордун элементтери киргизилип жана жыйынтыгы балл менен эсептөө керектиги айтылды.Мындан сырткары 30-ноябрь күнү мектептик предметтик олимпиада өткөрүлдү.Ага 5-11 класстын окуучулары тартылып, бардыгы 258 окуучу катышып,1-2-3 орунду камсыз кылган 27 окуучу мектептин грмотасы жана сыйлыктары менен сыйланып, райондук олимпиадага жолдомо алышты. |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
